«Бекитемин»
ОшМУнун бириккен кесиптик
бирлигинин төрагасы, доцент
Саттаров А.Э.___________
“__” _________ 2026-ж.

## ОшМУнун бириккен кесиптик бирлик комитети




# ОШМУНУН ӨЗГӨН ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН КЕСИПТИК БЮРОСУ ОТЧЕТ – 2025

Тойгелди кызы А.

# ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин кесиптик бюросу

## МАКСАТЫ –

окутуучулардын уктарын коргоо, алардын кызыкчылыктарын камсыздоо, социалдык программаларды уюштуруу жана колледждин саясатын иштеп чыгууга катышуу.



## МИЛДЕТТЕРИ:

- Эмгек шарттарына, эмгек акыга, социалдык гарантияларга, эмгекти коргоого жана эмгекчилердин жыргалчылыгына таасир этуучу башка аспектилерге тиешелуу маселелерди карайт.
- Эмгек шарттарын өзгөртүү, жаңы саясаттарды жана процедураларды киргизүү, чыр-чатактарды чечүү ж.б.у.с ар кандай маселелер боюнча администрация менен сүйлөшүүлөрдө жумушчулардын атынан чыгат.
- Окутуучулар үчүн ар кандай социалдык программаларды жана иш-чараларды, мисалы, окутуу, кесипкөйлүгүн жогорулатуу, ден соолук жана жыргалчылыкты уюштуруу жана колдоо көрсөтө алат.
- Профсоюздун мүчөлөрүнө алардын укуктарына жана жеңилдиктерине тиешелүү маселелер боюнча жардам жана консультацияларды көрсөтөт, ошондой эле жеке көйгөйлөрдү жана чыр-чатактарды чечүүгө жардам берет.
- Билим берүү уюмунун саясатын иштеп чыгууга катышат, окутуучулардын ой-пикирин жана кызыкчылыктарын билдирип, чечимдерди кабыл алуу процессинде алардын өкүлчүлүгүн камсыз кылат.



# ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин кесиптик бюросунун төрайымы Тойгелди кызы Айчүрөктүн 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча ОТЧЕТУ




**Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин кесиптик бюросунун 2025-жылга карата иш планы түзүлүп, ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин төрагасы А.Саттаров тарабынан бекитилип, колледждин сайтына жайгаштырылган.**

- **Иш план 2025**

**2025-жылга карата кесиптик бюронун курамы жаңыланып, бекитилген. Кесиптик бюронун сайты, бурчу жыл ичинде маалыматтар менен толукталып, жаңыланды.**

*Иш планга шилтеме*

*Кесиптик бюронун сайты*








## ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин кесиптик бюросунун төрайымы Тойгелди кызы Айчүрөктүн 2025-жыл үчүн ОТЧЕТУ

**ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин 2025-жылга сметасы 2025-жылдын 21-январдагы отурумунда каралып, бекитилген. Ага ылайык 2025-жылга Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин кесиптик бюросуна маданий-массалык иш чаралар жана материалдык жардам үчүн 46500 (кырк алты миң беш жүз) сом бөлүнгөн.**

**Маданий-массалык иш чаралар жана материалдык жардам үчүн бөлүнгөн акча каражаты жыл ичинде максаттуу пайдаланды жана ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигине отчету убагында тапшырылды.**

- ❑ **Аялдардын Эл аралык майрамы – 10000 сом** Акт №1-25 11.03.2025
- ❑ **Дарыгерлердин кесиптик майрамы – 12000 сом** Акт №2-25 25.06.2025
- ❑ **Мугалимдердин кесиптик майрамы – 10000 сом** *Акт №3-25 13.10.2025*
- ❑ **Жаңы жылга белек даярдоо – 10500 сом** Акт №-4-25 30.12.2025

**2025 – жылда материалдык жардам көрсөтүлгөн кызматкерлер:**

- ❖ **Кыдыршаева М.А. – окутуучу, 2000 сом** Акт №1-25 11.03.2025
- ❖ **Курбанова М. – АЧБнүн кызматкери, 2000 сом** Акт №3-25 13.10.2025



**2025 –жылга сметаны бекитүү жыйыны**

OSH STATE UNIVERSITY

## ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин жыйындарына жана иш чараларына катышуу






2025-жылдын 6-февраль күнү өткөн Ош мамлекеттик университетинин кесиптик бирлик комитетинин XXXV отчеттук кайра шайлоо конференциясына колледжин атынан делегат болуп кесиптик бюронун төрайымы Тойгелди кызы Айчүрөк катышты.

Конференцияга университеттин жалпы 178 мүчөсү катышып, кесиптик бирлик комитетинин төрагалык кызматына эки талапкер ат салышты. Шайлоонун жыйынтыгы менен Абсамат Саттаров кайрадан ишеничке ээ болуп, кесиптик бирлик комитетинин жаңы төрагасы болуп шайланды.

## ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин жыйындарына жана иш чараларына катышуу



2025-жылдын 13-февраль күнү ОшМУнун бириккен кесиптик бирлик комитетинин жыйында ОшМУнун структураларынын кесиптик комитетинин төрагалары 2024-жылдагы аткарган иштери боюнча отчет беришти. Жыйындын жүрүшүндө 2025-жылдын январынан тартып күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын жаңы Эмгек кодекси боюнча маалымат-жыйыны болуп, жаңы эмгек кодексиндеги өзгөчөлүктөр, жаңы кабыл алынган мыйзам беренелери боюнча төрага/айымдарга маалымат берилди. Жыйындын соңунда кесиптик комиттетин төрагаларынын иш аракетинде негизги «жол картасы» болгон КРнын жаңы Эмгек кодекси кесиптик бирлик тарабынан белекке берилди.

OSH STATE UNIVERSITY

# ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин жыйындарына жана иш чараларына катышуу

2025-жыл 13-март күнү ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин жалпы жыйыны болду. Жыйында төрага Борбордук кесиптик бирликтин жаңы курамы, өткөрүлгөн иш чаралар боюнча маалымат берди. Университетте жүрүп жаткан антикоррупциялык иш аракеттерде окутуучулардын укугун коргоо үчүн кесиптик бирликтин төрагаларына эмгек тартиби жана тартиптик жазалар боюнча КРнын жаңы эмгек кодексин билүү керектиги белгиленди.

ОшМУда жүрүп жаткан антикоррупциялык иш аракеттердин алкагында колледжде да түшүндүрүү, алдын алуу иш чаралары тынымсыз жүргүзүлдү.



# ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин жыйындарына жана иш чараларына катышуу



**2025-жыл 26-ноябрь күнү ОшМУнун башкы корпусунда Ош шаарындагы ЖОЖдордун билим жана илим кызматкерлеринин баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрагалары жана төрайымдары үчүн «Билим берүү уюмдарындагы кесиптик бирликтин ролу: укуктар жана милдеттер» аталышында окутуу-семинары уюштурулду.**




**Семинарды КР Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин төрагасы Саламат Боёнов Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын алдындагы Эмгек Институтунун Профсоюзу менен биргеликте уюштурулду. Иш-чарага Борбордук комитеттин аппарат кызматкерлери жана ОшМУ, ОШТУ, КӨЭАУ, ОШМПУ келген 70тен ашуун баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын жетекчилери катышты.**



**Семинарда эмгек укуктары, эмгек мыйзамдары, баштапкы уюмдардын ишмердүүлүгү, алардын ишти натыйжалуу уюштуруу көндүмдөрү жана кесиптик бирликтин эмгек институту боюнча кеңири маалыматтар берилди. Окутуунун жыйынтыгында катышуучуларга атайын тастыктоочу сертификаттар тапшырылды.**

# ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин жыйындарына жана иш чараларына катышуу

ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин 2025-жылдагы кезексиз, кезектүү жыйындарына профбюронун төрайымы үзгүлтүксүз катышып, ОшМУдан берилген суроо-талаптар, тапшырмалар аткарылып, ОшМУга сунуштарды берүү гө окутуучулардын кызыкчылыгын коргоого активдүү катышты.

2025-жылдын 16-декабрдагы жыйында кесиптик комитеттердин төрагаларынын иш кагаздарын жана сайттарын текшерүүнүн жыйынтыгында Өзгөн эл аралык медколледжи ОшМУ боюнча алдынкы 3 окуу жайдын бири болду.







OSH STATE UNIVERSITY

# 2025-жылы өткөрүлгөн маданий-массалык иш чаралар











OSH STATE UNIVERSITY

# 2025-жылы окутуучулардын жайкы эс алуусу

**2024-2025-окуу жылынын жыйынтыгы менен ОшМУнун кесиптик комитети уюштурган Ысcык-Көлдөгү жайкы эс алууга Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучулары Хамидова Абида жана Нуржанова Гулзада барып келишти.**





# 2025-жылы өткөрүлгөн маданий-массалык иш чаралар жана окутуучулардын жайкы эс алуусу



2025-жыл 1-октябр күнү ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде билим берүү тармагына эмгегин арнап, жаш муунду окутуп-тарбиялап келген улуу муундагы окутуучуларга урмат-сый көрсөтүлдү. Иш-чаранын жүрүшүндө колледждин аксакал окутуучуларына ОшМУнун кесиптик бирлик комитетинин акчалай сыйлыгы тапшырылды. Сыйлыктарды колледждин директорунун м.а. Г.Сулайманова, директордун орун басары Э.Каримбаев жана кесиптик бюронун төрайымы салтанаттуу түрдө тапшырып, ар бир окутуучуга ыраазычылык билдиришти. Салтка айланган ОшМУнун аксакалдарды сыйлоо кечесине да барып келишти.







OSH STATE UNIVERSITY

## 2025-жылы окутуучулардын жайкы эс алуусу

**2024-2025-окуу жылынын жыйынтыгы менен ОшМУнун кесиптик комитети уюштурган Ыссык-Көлдөгү жайкы эс алууга Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучулары Хамидова Абида жана Нуржанова Гулзада барып келишти.**





OSH STATE UNIVERSITY

# 2025-жылы сыйлык алган окутуучулар жана кызматкерлер

| № | Аты-жөнү | Структурасы | Ээлеген кызматы | Жалпы стажы | ОшМУ-дагы стажы | Сыйлыктын аталышы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Аильчинова Назира Уркумбаевна | Клиникалык дисциплиналар ПЦКсы | Окутуучу | 49 жыл | 25 жыл | ОшМУнун эмгек сиңирген ишмери |
| 2. | Курбанова Мияссар Турсунбаевна | Админстративдик чарба бөлүмү | Жуут тазалоочу | 18 жыл | 18 жыл | ОшМУнун Ардак грамотасы |
| 3. | Кыдыкова Айпери Жетимишовна | Жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар ПЦКсы | Окутуучу, бөлүм башчы, усулдук кеңештин төрайымы | 12 жыл | 12 жыл | ОшМУнун Алкышы |
| 4. | Маманова Айдана Асанбековна | Китеп кана | Китеп каначы | 3 жыл | 3 жыл | ОшМУнун Алкышы |










# 2025-жылы өткөрүлгөн антикоррупциялык иш чаралар

**2025-жыл 15-январда КР УКМКнын Ош шаары жана Ош облусу боюнча башкы башкармалыгынынын Өзгөн райондук бөлүмчөсүнүн демилгеси боюнча, Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясы, Өзгөн райондук прокуратурасы жана Өзгөн райондук ички иштер бөлүмү менен биргеликте жыйын уюштурулду. Ага Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин директоу Ө.Т.Станбаев да катышыты.**

**2025-жыл 29-январда Ош мамлекеттик университетинде коррупциялык тобокелчиликке каршы күрөшүү боюнча Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин кызматкерлери, ректор Кудайберди Кожобеков жана ОшМУнун структура жетекчилери жана окутуучуларынын катышуусунда жыйын болду. Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин директору Ө.Т.Станбаев жана колледждин структура жетекчилери да аталган жыйынга катышышты.**





OSH STATE UNIVERSITY


# 2025-жылы өткөрүлгөн антикоррупциялык иш чаралар

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин төрагасынын биринчи орун басары-КР УКМКнын төрагасы генерал-полковник К.К.Ташиевдин болгон кеңешменин жыйынтыгы боюнча протоколдук тапшырманы аткаруу максатында, мүмкүн болгон коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо жана жоюу, Ош мамлекеттик университетинин түзүмдүк бөлүмдөрүндө коррупциялык көрүнүштөргө шарттарды болтурбоо максатында кийинки иш-чаралардын комплексинин негизинде ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжиннин 2025-календардык жылга карата коррупциянын алдын алуу жана коррупциялык схемаларды демонтаждоо боюнча кадамдык иш-чаралардын ДЕТАЛДАШТЫРЫЛГАН ПЛАНЫ иштелип чыгып, бекитилип, колледждин сайтына жайгаштырылган. Жыл ичинде иш пландын негизинде иш чаралар жүргүзүлдү.

**ДЕТАЛДАШТЫРЫЛГАН ПЛАН колледждин педагогикалык кеңешинин №5 4-февралдагы отурумунда талкууланып, бекитилди.**








OSH STATE UNIVERSITY


# 2025-жылы өткөрүлгөн антикоррупциялык иш чаралар

2025-жыл 11-февралда ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде струкра жетекчилеринин жана старосталардын катышуусунда директор Ө.Т.Станбаедин төрагалыгы астында “Коорупциялык элементтерди жоюда студенттердин ролу чоң” аталышында жыйын болу. Жыйында студентердин сабакка катышуусу, сессиянын жыйынтыгы, отработка жобосу боюнча маселелер каралып, ӨЭАМКнин коррупциялык схемаларды демонтаждоо боюнча кадамдык иш-чаралардын ДЕТАЛДАШТЫРЫЛГАН ПЛАНЫ студенттерге тааныштырылды. Жыйында студенттердин көйгөйлөрү, сунуштары угулду.

ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин струкра жетекчилеринин жана старосталардын “Коорупциялык элементтерди жоюда студенттердин ролу чоң” аталышында 2025-жылдын 11-февралл күнү өткөрүлгөн № 2/25 жыйындын протоколунун 2.3. “Кышкы сессиянын жыйынтыгы боюнча студенттерден анкетирлөө алынсын. Жооптуу – Тойгелди кызы А., обудсмен.” чечимине ылайык студенттерден онлайн анкетирлөө жүргүзүлдү. 2025-жыл 3-март күнү болгон Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин административдик кеңешинде анкетирлөөнүн жыйынтыгы боюнча маалымат берилген.







# 2025-жылы өткөрүлгөн антикоррупциялык иш чаралар



2025-жылдын 3-июнь күнү ОшМУнун Антикоррупция комитети Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде окутуучулар жана студенттер менен жолугушу өткөрдү. Комиссиянын төрагасы өзгөрүлгөн мыйзам, терминдер, коррупцияга каршы күрөшүү алкагында ОшМУда жүрүп жаткан иш чаралар боюнча маалымат берди.

